**О.Текеев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин**

**ата-энелер чогулушунун №1 протоколу**

**24.09.2021-жыл**

**Букара айылы**

**Катышуучулардын саны:Мугалимдер 18**

**Ата-энелер 35**

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. **Доклад,тренинг "Окутуу жана тарбиялоонун негизинде окуучулардын билим сапатын жогорулатууда ата-эненин ролу"**
2. **Окуучулардын тартиби,формасы.**
3. **Телефон мектепке алып келбөөсү.**
4. **Окуу китептер менен камсыз болушу.**

Биринчи сөз ТИ боюнча д.о.б Туйтеева А.Э сүйлөдү.Ал өз сөзүндө ата-энелер менен саламдашып жаңы 2021-2022-окуу жылы менен чогулуштун темасы жана максаты менен тааныштырды.Андан кийин жагымдуу маанай тартуулоонун негизинде ата-энелерди эки топко бөлүп тренинг уюштурду.

**1-топ:** "Баланы тарбиялоодо ата-эненин ролу"

**2-топ:** "Баланын билим сапатын жогорулатууда ата-эненин ролу"-деген темада өз ойлорун ватманга жазып жана инценировка аткарып беришти.Суроолорго жооп беришти.

**1-топ:**Баланы тарбиялоодо ата-эненин ар бир сөзү маанилүү.Тили чыккандан баштап ата-эне окутуучу катары сезилип калган.Балдар бир нерсени сураса "Улуулар сүйлөшүп жатканда ары тур", "Кийин билесиң" же ишиң эмне деген сөздөрдөн алы болуу керек.

**2-топ:**Баланын оюн угуп,кеңешип,эмнеге кызыгарын жана эмне менен алектенип жүргөнүнүн баарынан кабардар болуш керек.Азыр техниканын заманы болгондуктан ар бир балада телефон бар.Анткени заман ошондой.Үйгө ата-эне жумуштан чарчап келгенде өзүңчө ойночу деген көрүнүш.Баланы сабак окутууда ата-эне телефон карап отурса,баланын сабак аткаргысы келеби.Жок дегенде калп эле болсо да китеп,гезит,журнал окумуш болуп отуруш керек деген ойлорун айтышты.

Экинчи сөз мектеп директору Бейшекеева Н.М берилди.Ал өз сөзүндө мындай деди.Бүгүнкү күндө нан эле таап курсакты тойгузбай,балдарды мектепке тыңыраак даярдоо үй-бүлөнүн милдети эмеспи.Кандай оор заман болгон күндө да балдарды багып,тарбиялап,кесипке ээ кылуу ата-эненин милдети.Билимдин сапатын көтөрүү жөнүндө сөз кыла турган болсок чоң проблемага келиптирбиз.Азыр техниканын заманы ар бир балада телефон.Ата-эне баланын окуусуна кайдыгер карабаса,жок дегенде эртең менен кетип бара жатканда сумкаң кана?Күндөлүгүн текшерип кайсы сабактар болот,эмне жаздың?-деп сурап койсо.Электрондук күндөлүк тууралуу да айтып өттү.Ал жерде бала сабакка келдиби?Сабактан канча деген баа алды мына ошолордун барынан кабардар болуп турасыздар.

Үчүнчү сөз ОТИ боюнча д.о.б Канболот к Р төмөнкүлөргө токтолду.Биздин мектепте жалпы 212 окуучу.Анын ичинен 109 эркек,103 кыз.Даярдоо классында 22 окуучу окуйт.Бардык окуучулар китеп менен камсыз болушкан.Кээ бир жетпеген китептер ата-энелер тарабынан сатылып алынып берилди.Ошол алган китептерин озгөчө жогорку класстар алып келишпейт.Эч бир ата-эне баласынын жаман болушун каалабайт.Балким жолун таппай жатсаңыздар керек.Бирок баласынын мектепке даярдоо,окуу китептерин сатып берүү ата-эненин милдети.Окуу процесстерин жакшыртууда баарыбыз биргелешип күрөшүүбүз керек.

Андан кийинки сөз ата-энелерге берилди.Анын жыйынтыгы мектепте билим сапатын жогорулатуу үчүн ата-энелер мектеп менен тыгыз кызматташ болуп,мектептин проблемаларын  чечүүгө көмөктөшүп берели.

**Сунуштар**

1.Башталгыч класстардын окуучуларына ысык тамак берилсе.

**Токтом**

1.Документтерди толуктап 05.10 чейин өткөрүлсүн

2.Форманы ар дайым кийсин

3.Үйдөн көзөмөл көбүрөөк кылсын

4.Ата-энелер мектеп менен байланышта болсун

Төрайымы: Бейшекеева Н.М

Катчысы: Туйтеева А.Э